чечүү процессине кызыгуу, чечүүнүн жолдорун табуу ж.б. эсептелет. Эгерде чоңдордун көзөмөлү жана эскертүүсүз мотив актуалдуу болбосо, анда ал окуучу үчүн сырткы болуп эсептелет. Билим берүүнүн жүрүшүндө мугалимдин окуучуда биринчи кезекте ички мотивдер калыптанышына умтулуусу зарыл.

3. Ийгиликке жетүүгө багытталган жана жол болбоодон качуу мотивдери. Престиждүү мотивация жана компенсатордук мотивация.

Жогорку жетишкендиктеги балдарда ийгиликке жетүүнүн мотивациясы –тапшырманы жакшы, туура аткаруу, керектүү жыйынтыкты алуу каалоосу ачык көрүнүп турат. Төмөнкү класстарда бул мотивация көпчүлүк учурда үстөмдүк кылуучу болуп калат. Ийгиликке жетүүнүн мотивациясы, таанып билүүчүлүк кызыкчылыктар менен бирге эле – эң баалуу мотив, аны престиждүү мотивациядан айрымалоо зарыл.

Престиждүү мотивация өзүн жогору баалаган жана лидерликке умтулган балдар үчүн мүнөздүү. Ал окуучуга классташтарынын арасынан жакшы окуунга, алардан өзгөчөлөнүүгө, биринчи болуунуга түртү болот.

Эгерде престиждүү мотивация жетишээрлик өнүктүрүлгөн жөндөмдүүлүккө дал келсе, анда ал отличникти өнүктүрүүчү, өзүнүн жөндөмдүүлүгү жана эмгекти сүйгөндүгү менен жакшы окуу жыйынтыктарына жеткирүүчү күчтүү кыймылдаткыч болуп калат.

Эгерде эле престиждүү мотивация ортоңку жөндөмдүүлүктөр менен айкалышса, бала дайыма мойнуна албаган, өзүнө ишенбегендик жогорку деңгээлдеги тырышуу менен катар жолу болбогондук учурларда толкунданууларга алып келет.

*жолдун болбошунан качуу мотивациясы. Балдар «экиден» жана андан кийин төмөнку баага алып келүүчү натыйжалардан – мугалимдин нааразы болуусунан,* ата-энесинин тыю салуусунан качканга аракет кылышат.

Башталгыч классты аяктап жатканда жетишпеген окуучулар ийгиликке жетүү мотивинен жана жогорку баа алуу мотивинен куру жалак калышат (эч болбогондо мактоолорго ишенүүсүн улантат), ал эми жолдун болбоосунан качуу мотиви жаңы күчкө ээ болот.Тынчсызданyy, жаман баа алуу коркунучу окуу ишмердүүлүгүнө тескери эмоционалдык түс берет. Үчүнчү класстын жетишпегендеринин төрттөн бир бөлүгү аларда бул мотивдер үстөмдүк кылгандыктан окууга тескери мамиле кылат.

Компенсатордук мотивация. Бул *учурга чейин жетишпеген окуучуларда өзгөчө компенсатордук мотивация* келип чыгат. Бул окуу ишмердүүлүгүнө карата башка – спорт, музыка, сүрөт тартуу сабактарында, үй-бүлөнүн кичинекей мүчөлөрүнө кам көрүү ж.б. тармактарда өзүн көрсөтүүчү кошумча мотивдер.

Окуу мотивдеринин бардык түрлөрүн талдап көрүп, алардын калыптанышына жана өнүгүшүнө умтулуш керек болгон мотивдерди гана бөлүп көрсөтсө болот: жогорку деңгээлдеги таанып билүүчүлүк жана социалдык, ички жана ийгиликке жетишүүгө багытталган мотивдер. Бул окуучулардын окуу мотивациясынын өнүгүшүнүн жогорку деңгээлин аныктоочу мотивдердин жыйындысы. Же "жогорку окуу мотивациясынын универсалдык молекуласы".

**Адабияттардын тизмеси:**

1. Божович Л.И. Проблема развития мотивационной сферы ребенка // Изучение мотивации поведения детей и подростков / Под ред. Л.И. Божович, Л.В. Благонадежиной. М.: Педагогика, 1972
2. Безруких М.М., Ефимова С.П. Знаете ли вы своего ученика? – М.: Просвещение, 1991
3. Доровской А.И. Сто советов по развитию одаренности детей. – М.: Российское педагогическое агентство, 1997
4. Елфимова Н.В. Диагностика и коррекция мотивации учения у дошкольников и младших школьников. - М.: Изд-во МГУ, 1991.
5. Зайцев С.В. Личностно ориентированное обучение младших школьников // Директор школы. 2005. № 3. С. 56-65.
6. Маркова А.К. Пути исследования мотивации учебной деятельности школьников // Вопр. психол. 1980. № 5. С. 47-59.
7. Матюхина М.В. Мотивация учения младших школьников. М.: Педагогика, 1984.
8. Матюхина М.В. Особенности мотивации учения младших школьников // Вопр. психол. 1985. №1. С. 43-49.
9. Мильман В. Э. Внутренняя и внешняя мотивация учебной деятельности // Вопр. психол. 1987. № 5. С. 129-138.
10. Михайлова О.В. Учебная мотивация как один из критериев эффективности учебного процесса.//начальная школа плюс ДО и После.2010. №12

УДК. 371. 015

***Рыспаева Ч. К.***
Аспирант, И. Арабаев атындагы
Кыргыз мамлекеттик университети,
Бишкек ш., Кыргыз Республикасы,
e-mail:cholponram@mail.ru

## ОКУУ МОТИВАЦИЯСЫ ПСИХОЛОГИЯЛЫК- ПЕДАГОГИКАЛЫК КӨЙГӨЙ КАТАРЫ

**Аннотация**: азыркы билим берүү процессинде биринчи планга окуучуларды жөн эле окутуу эмес, мотивациялык чөйрөнүн талапка ылайык түзүмүнө ээ окуучунун өздүгү процесстин активдүү катышуучусу катары аларга көлөмү дайыма жана кыйшаюусуз өсүп жаткан предметтик билим, ык жана көндүмдөрдү берүү болуп эсептелгендиктен макалада окуу мотивациясынын өзгөчөлүктөрү каралган. Окуучунун ишмердүүлүгүнүн негизинде жаткан мотивдердин мүнөзү гана анын окуу процессинде активдүүлүгүнүн багытын жана мазмунун, ишмердүүлүккө берилгендикти, демилгелүүлүктү, активдүүлүктү, болуп жаткандарга канааттангандыкты, окуу маалыматы жана бардык окуу ишмердүүлүгү ал үчүн жекече маанилүү экендигин аныктайт.

**Өзөктүү сөздөр:** мотив, мотивация, окуу мотивациясы, максат, иш- аракет, активдүүлүк.

## УЧЕБНАЯ МОТИВАЦИЯ КАК ПСИХОЛОГО- ПЕДАГОГИЧЕСКАЯ ПРОБЛЕМА

Аспирант, Кыргызский государственный университет
им. И. Арабаева, Бишкек, Кыргызская Республика,
e-mail:cholponram@mail.ru

**Аннотация:** так как в современном образовательном процессе на первый план выходит не просто обучение учащихся, передача им предметных знаний, умений и навыков, объем которых постоянно и неуклонно растет, а личность обучающегося как активного участника процесса, имеющего соответствующую структуру мотивационной сферы, в статье рассмотрены особенности учебной мотивации. Именно характер мотивов, лежащих в основе деятельности ученика, определяет направление и содержание его активности в учебном процессе, в частности вовлеченность в деятельность, инициативность, активность, удовлетворенность происходящим, понимание того, что учебная информация и вся учебная деятельность личностно значимы для него.

**Ключевые слова:** мотив, мотивация, учебная мотивация, цель, деятельность, активность.

## EDUCATIONAL MOTIVATION AS A PSYCHOLOGICAL PEDAGOGICAL PROBLEM

**Ryspaeva Ch. K.**
Graduate student, Kyrgyz State University n.a. I.Arabaev,
Bishkek, Kyrgyz Republic, e-mail:cholponram@mail.ru

**Abstract:** since in the modern educational process, not only the education of students, the transfer of subject knowledge, skills and abilities, the volume of which is constantly and steadily growing, comes to the forefront, and the personality of the learner as an active participant in the process that has the corresponding structure of the motivational sphere is considered in the article Features of educational motivation. It is the character of the motives underlying the activity of the student that determines the direction and content of his activity in the learning process, in particular, involvement in activity, initiative, activity, satisfaction with what is happening, the understanding that educational information and all educational activities are personally significant to him.

**Keywords:** motive, motivation, educational motivation, purpose, activity, activity.

Окуу процессинин ийгиликтүү жүрүшүн камсыз кылуучу окуунун мотивдерин максаттуу калыптандыруу үчүн, бул көйгөйдүн олуттуулугун түшүнгөн педагогдун тынымсыз эмгеги талап кылынат. Мотивдин пайда болушу үчүн сырткы түрткү-стимул керек. Окуучуга түрткү берүү менен педагог анын мотивациялык чөйрөсүндө болуп жаткан өзгөрүүлөрдү башкарат. Мотивациялык процесстердин башкаруучулугу жана көйгөйдүн актуалдуулугу, багыттардын ар түрдүүлүгү жана иликтөөлөрдүн аспектилери аркылуу окумуштуулардын мурдатан берки кызыгуусу аныкталат.

Азыркы учурда көбүрөөк иштелип чыккаLны окуу мотивациясынын табияты тууралуу суроолор болуп эсептелет. Мотивдердин өзгөчөлүктөрү адамдын жүрүш- туруш активдүүлүгүнүн булагы катары Б.Г. Ананьеванын, В.Г. Асееванын, Л.И. Божовичтин, В.К. Вилюнасанын, А.Н. Леонтьеванын, А. Маслоунун, А.К. Маркованын, Х. Хекхаузендин, Г.И. Щукинанын, П.М. Якобсондун эмгектеринде каралган. Бул окумуштуулардын эмгектеринде окуучулардын өздүгүнүн мотивациялык чөйрөсүнүн түзүлүшүнүн жана өнүгүшүнүн өзгөчөлүктөрү тыкыр иликтенген, окуунун кээ бир жетектөөчү мотивдеринин мүнөздөмөлөрү сунушталган: таанып билүү кызыгуусу (Г.И. Щукина, Н.Ф. Талызина), таанып билүү керектөөсү (В.С. Ильин), социалдык жана таанып билүү мотивдери (А.К. Маркова), жетишкендиктердин мотивдери жана жолдун болбошунан качуу (С.С. Занюк, Н. Скороходова, Х. Хекхаузен), коммуникативдик мотив жана чыгармачылыкты ишке ашыруунун мотиви (М.В. Матюхина, Н.Ц. Бадмаева). Кээ бир мотивдердин сезилүү өзгөчөлүктөрү мотивациялык комплекстердин ичинде В.И. Ковалев, А.Н. Леонтьев, А. Маслоу, А.К. Марковалар тарабынан каралган.

Акыркы жылдары окуучулардын мотивациялык чөйрөсүнө таасир этүүнүн ыкмаларын жана каражаттарын табуу жыйынтыктарын ачып берүүчү жана окуучулардын мотивациясын калыптандыруу боюнча багыттуу иштер тууралуу жарыялоолордун көбөйүшү бул көйгөйгө окумуштуулардын кызыгуусунун артышын айгинелеп турат. Окуу мотивациясынын калыптанышы тууралуу суроолор окумуштуулар тарабынан эки *багытта каралат. Биринчиден, окуу* мотивациясын калыптандыруунун концепциясын, методикасын жана технологияларын иштеп чыгуу ишке ашырылууда (В.Г. Асеев, О.С. Гребенюк, А.К. Маркова, М.В. Матюхина, А.М. Матюшкин, М.П. Осипова, Н.Ф. Талызина, А.Т. Цветкова, Т.И. Шамова, Г.И. Щукина ж.б.). А.К. Маркованын изилдөөсү боюнча бул багыттын негизин, «идеи преподнесения желаемых мотивов учения как эталонных либо включение ребенка в активную учебную деятельность, позволяющую выявлять и корректировать влияние действующих мотивов» түзөт .

Экинчиден, төмөнкүдөй түрткү берүүчү кээ бир педагогикалык методдорду, ыкмаларды жана каражаттарды издөө жүрүүдө: окуу материалынын мазмуну, окуу жана класстан сырткаркы ишмердүүлүктү уюштуруунун конкреттүү формалары, окутуунун методдору жана ыкмалары, окуу ишмердүүлүгүн баалоо жана жагымдуу кубат берүү, педагогдун өздүгү, анын ишмердүүлүгүнүн стили жана окуучулар менен өз ара байланышы, класстагы микро чөйрө, таанып билүү ишмердүүлүгүнүн рационалдуу ыкмалары, окуу процессинде өз алдынча иш, окуучулардын кебинин өнүгүшү, окуучулардын жаш жана жекече өзгөчөлүктөрүн эске алуу ( XX кылымда: Е.П. Ильин, А.К. Маркова, М.В. Матюхина, А.М. Матюшкин, М.П. Осипова, Т.И. Шамова, Г.И. Щукина; акыркы он жылдыкта: М.С. Валунов, О.В. Канарская, А.К. Осин, В.Н. Тарасов, И.А. Уманская ж.б.).

Кийинки багыт азыркы окумуштуулар тарабынан өтө эле активдүү иштелип чыгууда бирок, табылган шарттардын көбүрөөк бөлүгүнүн колдонуу чөйрөсү чектелген: окуу дисциплиналарынын чектелүүсү, окуучулардын жашы, аймактын географиясы, окуу мекемесинин макамы, бул өз кезегинде тажрыйбаны алып келүү мүмкүнчүлүгүн жана шарттарды комплекске бириктирүүнү татаалдантат.

Окуу ишмердүүлүгү инсандын калыптанышынын бардык жылдарын, бала бакчадан баштап орто жана жогорку кесиптик окуу жайларын аяктаганга чейинки убакытты ээлейт. Билим алуу ар бир инсандын сөзсүз талабы болуп эсептелет, андыктан окутуунун мотивациясы көйгөйү педагогикада жана педагогикалык психологияда бирден-бир негизгилеринен болуп эсептелет. Окуу ишмердүүлүгүндө мотивациялык компоненттин болушу окуу процессинде төмөнкү класстын окуучуларынын окуу мотивин кайрадан карап чыгууну эскертет [1]. Окуу ишмердүүлүгүнүн мотивинин алдында окуу активдүүлүгүн көрсөтүүнү тейлөөчү бардык факторлор: керектөөлөр, максаттар, багыттар, милдет сезими, кызыгуулары ж.б. түшүнүлөт. Головаха Е.И. төмөнкү (факторлорду) окуунун мотивацияларын бөлүп караган :

Окутуу үйрөтүү максатында, ишмердүүлүктөн канааттанбагандык же окутуп жаткан предметине кызыкпагандык.

Жекече кызыкчылыктары жана пайдасы жок окутуу.

Социалдык идентификация үчүн окутуу.

Ийгилик үчүн же жолдун болбошунан коркондуктан окутуу.

Аргасыздыктан же кысымдын астында окутуу.

Түшүнүктөргө жана моралдык милдеттенмелерге же жалпы кабыл алынган нормаларга негизделген окутуу.

Күндөлүк жашоонун максатына жетиш үчүн окутуу.

Социалдык максаттарга, талаптарга жана баалуулуктарга негизделген окутуу.

6-7 жаштагы балдардын мектепке мотивациялык даярдыгы тууралуу алардын окутууга коомдук маанилүү ишмердүүлүк катары олуттуу мамилеси, улуулардын талаптарын аткарууга эмоционалдык даярдыгы курчап турган айланадагы чындыкты таанууга кызыгуусу, жаңы билимдер жана көндүмдөргө ээ болууга умтулуусу айгинелеп тура [1].

Окутуу мотивине төмөнкү себептер кириши мүмкүн: жалпысынан окууга кызыгуусу (негизделген, мүмкүн керектөөсүнө билимди кабыл алуудан алган жаңы таасирлери), жашоого жана кесиптик ишмердүүлүгүн керектүүлүгүн түшүнгөндүгүнө байланыштуу билим алуу каалоосу, мактоолорго акылуу болуу каалоосу өзүнүн даңка умтулуусун канааттандыруу (окуунун мыктысы болуу).

Төмөнкү класстын окуучуларынын көпчүлүгүнүн мотивациясынын өзгөчөлүгү мугалимдин талаптарын кын этпестен аткаруусу болуп эсептелет. Окуу ишмердүүлүгүнүн социалдык мотивациясы өзгөчө күчтүү, жад калса алар мугалимдин айткандарын эмне үчүн аткарыш керек экендигин түшүнүүгө дайыма эле умтулбайт айттыбы, демек кызыксыз жана натыйжасыз иштерди да кылдат аткарышат, анткени аларга алынган тапшырмалар маанилүүдөй сезилет. Мунун сөзсүз жакшы жактары да бар, анткени мугалимге ар кача окуучуларга алардын билим алуусу үчүн тиги же бул иштин маанилүүлүгүн түшүндүрүү кыйын болмок. Ала мугалимди биринчи кезекте мугалим болгондугу үчүн, аларды окуткандыгы үчүн жакшы көрөт жана сыйлай мындан сырткары ал талап коё билген жана катуу болушун каалашат, анткени бул алардын ишмердүүлүгүнү олуттуу жана маанилүү экендигин баса белгилеп турат. Мугалимди, «аларды окуткан», дене тарбия, ырдо сабактарынын мугалимдерине караганда жакшы көрөт, анткени алар мектепке чейинки сабактарды эсине сала Төмөнкү класстар үчүн мугалимдин талаптары -- мыйзам.

Төмөнкү мектеп жаш курагында жаңы мотивдер пайда болот (керектөөлөр, кызыкчылыкта каалоолор), баланын иерархиялык мотивациялык тутумунда алмаштыруулар жүрөт. Эски кызыгуула мотивдер өзүнүн түрткү болуучулук күчүн жоготот, алардын ордуна жаңылары келет. Окуу ишмердүүлүгүн тиешелүүлөрү маанилүүрөөк, баалуураак болуп, ал эми оюндарга байланыштуулары анча маанилүү болбо калат. Ошол эле мезгилде төмөнкү класстын окуучуларында мотивациялык багыттарга караганда мотивдерди басымдуулук кылуусу дагы деле көрүнүп турат, анткени алардын максаттары учурдагы окуялар байланышкан жакынкы келечекке байланыштуу коюлат. Баштагыдай эле жетектөөчү болуп аракетте мотивдер эсептелинет, ал эми кабыл алынган каалоолор тикеден тике каалоолордун «жетегине барат» [3 Көпчүлүк балдар өзүнүн жүрүш-турушунда болжолдуу сыйлыгына же жазасына «бул жерде жана азыр» кар багыт алат.

Эрежелерге ылайык, окуу ишмердүүлүгү бир мотив менен эмес, бүтүндөй тутумдагы ар түрд мотивдер менен козголот.

Мотив – бул окуучунун аларга ички мамилелери менен байланышкан, окуу иштеринин көэ б тараптарына багытталгандыгы. Мотивдердин түрлөрүнө таанып билүүчүлүк жана социалдык мотивдер киргизсек болот. Эгерде окуу мезгилинде окуу предметинин мазмунуна багытталгандык басымдуулук кыл анда таанып билүүчүлүк мотивдер бар экендигин айтсак болот. Эгерде окуучунун окуу мезгилинде баш адамга багытталгандыгы байкалса, анда социалдык мотивдер тууралуу айтып турат.

Таанып билүүчүлүк дагы, социалдык дагы мотивдердин ар түрдүү баскычтары болушу мүмкүн. Таан билүүчүлүк төмөнкүдөй баскычтага ээ: кеңири таанып билүүчүлүк мотивдер (жаңы билимдерге — фактылар кубулуштарга, мыйзам ченемдүүлүктөргө ээ болуу багыты); окуу-таануучулук мотивдери (билимди алуун ыкмаларын өздөштүрүү, билимге өз алдынча ээ болуу ыкмаларына багытталуу), өзүнчө окуп билим ал мотивдери (кошумча билимдерди алууга багыт алуу жана андан кийин өзүн өзү өнүктүрүүнүн атай программасын түзүү үчүн). Социалдык мотивдер төмөнкүдөй баскычтарга ээ болушу мүмкүн: кең социалдык мотивдер (милдет жана жоопкерчилик, окуунун социалдык маанилүүлүгүн түшүнүү), социалдык, же көз карштык мотивдер (курчап таргандарга карата белгилүү бир көз карашты ээлөөгө, алард жактыруусун алууга умтулуусу), социалдык кызматташуунун мотивдери (башка адам менен өз байланышуунун ар түрдүү ыкмаларына багыт алуу).

Мотивдерди сапаты окуу ишмердүүлүгүнүн мүнөзүнө байланыштуу мазмундуу болушу мүм (баамдоочулук,өз алдынчалык, жалпылоочулук, таасирдүүлүк, мотивациянын жалпы түзүлүшү басымдуулук кылуу, бир нече окуу предметтерине жайылуу даражасы), жана баланын психофизиологиял

*өзгөчөлүгүнө байланыштуу динамикалык (мотивдин туруктуулугу, анын күчү жана көрүнүп турушу, бир* мотивден экинчисине которулуусу, мотивдердин эмоционалдык түс берүүсү) ж.б.

Баамдалган мотивдер окуучунун аны кызыктырууга эмне түрткү болот ошону айта билүүсүнөн, маанилүүлүк даражасы боюнча мотивдерди жайгаштыруусунан көрүнөт; Чыныгы аракеттеги мотивдер жетишүүсүнөн жана катышуусунан, окуу ишмердүүлүгүнүн өркүндөтүлүүсүнөн жана андан кетүү формаларынан, кошумча тапшырмаларды аткаруусунан же алардан баш тартуусунан, тапшырмалардын ордугунун жогорулашына же төмөндөшүнө умтулуусунан ж.б. көрүнөт.

Төмөнкү класстын окуучуларында милдет жана жоопкерчилик сезимдери менен байланышкан, билим алуу зарылчылыгынан (сабаттуу болуу) жаңы социалдык багыттар, жаңы социалдык мотивдер пайда болот. 8ден 10го чейинки жаш аралыгында өзүнүн окуу ишмердүүлүгүн милдет сезими менен мотивациялаган балдардын саны көбөйөт, кызыгуу менен окуган балдардын саны азайат. Бирок бул мотивдер көбүнчө белгилүү, декларативдүү гана болуп калат. Чыныгы аракеттеги мотив болуп жогорку баа же мактоолорду алышы эсептелет, аларды алыш үчүн бала тезинен отуруп сабак окууга жана бардык тапшырмаларды тырышчаактык менен аткарууга даяр.

**Адабияттар:**

1. Антология педагогической мысли Древней Руси и Русского государства XIV-XVII вв. / сост. С.Д. Бабишин, Б.Н. Митюров. -М.: Педагогика, 1985. -363 с
2. Божович Л.И. Проблема развития мотивационной сферы ребенка // Изучение мотивации поведения детей и подростков - Москва, 1972г.
3. Грабарь М.И., Краснянская К.А. Применение математической статистики в педагогических исследованиях / М.И. Грабарь, К.А. Краснянская. — М.: Педагогика, 1977. — 136 с.

**Турдуматова Э.Т.,**
**Магистрант ИИСПО КГУ им.И.Арабаева**

## ПРОБЛЕМЫ ДЕТСКИХ ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫХ ОРГАНИЗАЦИЙ В СОВРЕМЕННОМ КЫРГЫЗСТАНЕ

Образование сегодня становится одним из важнейших показателей и приоритетных направлений общественного развития в мире. Во всех важнейших рекомендациях международных организаций, определяющих перспективы развития образования в 21 в. отмечается, что именно образование является важнейшим условием, способом выживания и прогрессивного развития человеческой цивилизации.

В действительности, нормальное существование любого общества невозможно без полноценного функционирования и развития системы образования. Место образования в жизни общества во многом определяется той ролью, которую играют в общественном развитии знания людей, их опыт, умения, навыки, возможности развития своих профессиональных и личностных качеств.

Важным звеном в системе образования является дошкольное, которое остается одним из самых проблемных сфер в Кыргызской Республике.

По сравнению с советским периодом в настоящее время сеть дошкольных учреждений сократилась на 67 %. В 90-х годах, в республике функционировало 1696 детских дошкольных учреждений с охватом более 190 тысяч детей (что составляло 35 % всех детей дошкольного возраста). Из них более 147 тысяч детей посещали детские сады, принадлежащие ведомствам[16].

В ходе инвентаризации было выявлено, что приватизировано и перепрофилировано 464 здания дошкольных образовательных организаций, в том числе в 124 зданиях дошкольных образовательных организациях располагаются учреждения образования, культуры и спорта; в 16 -неправительственные организации; в 42 - органы здравоохранения; в 50 -органы ЖКХ, соцзащиты, прокуратуры, налоговой службы, РОВД, суды и т.п. 26 зданий перепрофилированы (в т.ч. под жилье или склады); 18 - снесены либо разобраны; 152 - проданы в частные руки, в т.ч. для бизнес - структур и производства. Не функционируют или ведется капремонт в 30 зданиях дошкольных образовательных организациях, 6-перепрофилированы в мечети.

Органами местного самоуправления и местной государственной администрации в надлежащем виде не исполняются статья 36 Законов Кыргызской Республики «Об образовании», ст. 13, 15, 36, «О местном самоуправлении" ст. 9 и ст. 20 " О местной государственной администрации" ст. 9, а также «Об основных принципах бюджетного права в Кыргызской Республики» в части финансирование и обеспечение соответствующей материально-технической базой дошкольных образовательных организаций[17].

Во всех регионах республики дошкольные образовательные организации работают с наполняемостью детей в 1,5 - 2 раза выше нормы. Проблема перегруженности детских садов является особенно острой в городах. Так, например, в 78 детских садах мэрии города Бишкек при типовой мощности 11465 человек, фактическая наполняемость составляет 26 430, в городе Ош - при типовой мощности 4 585, наполняемость - 6 379, в г.Таласе эти цифры соответственно составляют 683 против 1089, г. Каракол составляет 1304 против 2101[18].

Особо остро стоит вопрос строительства дошкольных образовательных организаций. Нерешенным остается вопрос проведения капитального ремонта, в том числе, систем водоснабжения, канализации, отопления, кровли, приобретение новой мебели в детских садах республики. Капитальный ремонт требуется в 14% зданий дошкольных организаций.

---

[16] Текущий архив управления школьного и дошкольного образования МОН КР.- Справка о состоянии учреждений школьного и дошкольного образования в г. Бишкек на 01.01.2014.
[17] Текущий архив Жогорку Кенеш Кыргызской Республики Информация парламентских слушаний «Во исполнение Законов Кыргызской Республики «Об образовании».-11 .06. 2012.
[18] Текущий архив управления школьного и дошкольного образования МОН КР.- Справка о состоянии учреждений школьного и дошкольного образования в г. Бишкек на 01.01.2014.